**Сабак:** Адабий окуу

**Класс:** 4-класс

**Сабактын темасы:** Булбул менен жылан

**Сабактын максаты:**

- Жомокту окуп анын мазмунун түшүнө алат; Түшүнгөнүн мазмундуу, ырааттуу айтып бере алат; Каармандарга мүнөздөмө берип, аларга жараша чыгармадан мисал келтире алат.
- Логикалык жана сынчыл ойлоо жөндөмдүүлүгү артат; Өз оюн көркөм, так айтууга көнүгөт.
- Боорукерликке, адамгерчилик сыяктуу жакшы сапаттарды үйрөнөт; Таш боордук тес мүнөз экендигин түшүнөт.

**Сабактын милдети:**

- Өз оюн айтууга, жана оозеки жана жазуу жүзүндө өз оюн так айтууга калыптандыруу.
- Окуучулардын эске тутуусун, көңүл коюусун, ойлонуусун өстүрүүгө шарт түзүү.
- Фантазиясын, элестетүүсүн өнүктүрүүгө, толук байланыштуу жооп берүүгө, жыйынтык чыгара билүүгө өнүктүрүүгө үйрөтүү.

**Сабактын тиби:** Жаңы теманы түшүндүрүү

**Сабактын формасы :** аралаш

**Сабактын методу:** интерактивдүү метод

**Сабактын жабдылышы:** карточкалар, флипчарт,сүрөттөр ,ТСО, аудио жаздыруулар

**Сабактын жүрүшү:**

**1.Уюштуруу учуру**

Балдар бүгүн бизде өзгөчө сабак. Бизге коноктор келишти кана барыбыз ордубуздан туруп учурашып алалы.

- Балдар карагылачы сыртта кандай сонун күн тийип турат. Алдынардагы күндүн сүрөтү тартылган баракка ушул жаркыраган күндүн сүрөтүн жылмайтып тарталычы. Эми барыбыз сүрөтүңөрдү мага көрсөткүп, күндүн ырын угалы.

Балдар!

Силерди жакшы көрөмүн,

Жүрөгүмдүн жылуулугун,

Мен силерге беремин.

Бир-бирибизге күндөй жаркырайлык.

Кана сүрөттөрдү бири-бирибизге каратып , жылмайабыз.

Топторго бөлүү

-Бүгүнкү сабакта биз топтор менен иштейбиз. Ал үчүн биз үч топко бөлүнүшүбүз керек.

1-топту «Тапкычтар» тобу деп атайлы,

2-топ «Сүрөтчүлөр » тобу болсун,

3-топ «Ойчулдар» тобу болсун.

-Келгиле анда топтордо иштөөнүн алтын эрежесин кайталап алалы.

- Бирин-бири кунт коюп угуу
- Кол көтөрүп жооп берүү
- Бири-бирине жолтоо болбоо
- Бири-бирин сыйлоо, уга билүү
- Сабакка активдүү катышуу
- Тапшырманы аткарган соң, биримдикте кол көтөрүп олтуруп калуу.

-Алдыңарда столдун үстүндө мына мындай баалоо барачасы турат. Берилген тапшырмаларга жооп бергенине жараша топтор мына мындай түстүү жылдызчаларды алат. Ал жылдызчаларды баалоо баракчасына чаптайбыз.

Кызыл жылдызча-5балл, жашыл жылдызча-4балл, сары жылдызча-3 баллды билдирет. Сабактын аягында ар бир топтун баллдары эсептелет. Көп балл чогулткан топ жеңишке жетет.

**2.Үй тапшырмасын суроо**

Анда эмесе сабакты үй тапшырмасын текшерүүдөн баштайлы. Д.Сулаймановдун «Карыя клыс айттыбы?» ангемесин окуп келмекпиз.

Окуп келдикпи?

Анда мен силердин билимиңерди текшерүү максатында 6 суроодон турган тест алайын. Ар бириңердин алдыңарда баракчада тесттер бар. Ал тесттердин жооптору кызыл, жашыл , сары түс менен берилген. Суроонун туура

жообунун түсүн мына бул гүлдүн желекчелерине чаптайбыз. Тест толтурууга 3 мүнөт убакыт берилет .

**тест**

1) «Карыя калыс айттыбы» аңгемесинин автору ким?

Д.Сулайманов С. Рыспаев А Кармышаков

2) Суу алчу жерде кимдер сүйлөшүп турушту?

карыя уч аял үч бала

3) Менин чотурумдай_______ бала жок?

ырчы акылдуу шамдагай

4) Ак жоолукчан аял уулун эмне деп мактады?

мактаган жок шамдагайым булбулум


5) Энелери мактаган балдар кандай экен

ыймандуу ыймансыз боорукер

6) Энеси мактабаган бала кандай бала?

ыймансыз таш боор ыймандуу

-Бүттүңөрдү балдар. Убакыт бүттү токтотобуз. Кана тестин туура жообун силердин жообуңар менен салыштырабыз.

Тесттин жообу: 

1-топ силердин жооп кандай болду? 2-топ? 3-топ?

**3. Тема менен тааныштыруу**

Доскага жаздын сүрөтү илинет жана суроолор берилет.

-Бул сүрөттө кайсы мезгил чагылдырылган? Жаз

- Жазында жаратылыш кандай өзгөрөт ? күн жылыйт, бак-дарактар бүрдөйт,келгин куштар учуп келишет.

-Кандай келгин куштар келишет ?

- Силерге кандай куштар жагат?

Мага булбул жагат.булбулдун үнүн укканда жан дуйнөм кубанат, эс алат.

Булбул катышкан кандай жомокторду билесинер. (Алтын уя )

Булбул  катышкан дагы бир жомокту өтөбүз. Ал жомогубуз “Булбул мнен жалан”

**Сабактын максаты менен тааныштыруу.**

Бүгүнкү сабакта булбул менен жыландын кандай жаныбар экенин, кайда жашаарын билебиз, Аларды салыштырабыз. Ролдордо аткарабыз.

**4Жаңы тема менен тааныштыруу**

**Сөздүк  иш**

-Балдар  биз  адегенде бул текстен  бизге кездешүүчү  тааныш  эмес  сөздөр менен  таанышып  алалы.

Бөтөгө-куштардын тамак сиңирүүчү органы

Жагалмай-жыркыч куш

Кыргый-жырткыч куш

Көз албай багып-көзүн албай аңдыган

**Текстти  окуп  беруу**

Балдар  баарыбыз  кунт  койуп  кулак  салып    угуп  олтурабыз.

**5.Сабакты  бышыктоо**

Топтордо абзацтарга бөлүп көркөм окутуу.

**Мээге чабуул**

Булбулдун чынчсыздануусунун себеби эмнеде?

Булбулдун мукам добушу таш боор жыланга таасир эттиби?

Энесинин айтканын  укпаган  балдарга  силер эмне  дээр  элеңер?

Булбул эмне тууралуу ырдады?

**4Физикалык  тыныгуу**

**5Топтор  менен иштөө**

**1-топ “Чыгарманын картасы”.** Сүрөт менен чагылдырышат.

**2-топ  “Окуянын айланпасы”**  Жомокто баяндалган окуянын ырааттуулугун сактап, айланпага катар ирети менен толтуруу.

**3-топ.“Чыгарманы сөзү менен жазуу”**

**Чыгарманын каармандарын вендин диаграммасында салышырышат.**

1-топ булбулга мүнөздүмү берет. 2-топ жыланга мүнөздөмө берет 3-топ окшоштуктарын жазышат

**6.Сабакты жыйынтыктоо**

Рефлексия

**7.Балоо**

**8.Үйгө тапшырма берүү**

Маалымат тап келүү